УДК:327:32(575.2)(04)

***Закиров М.А.***
*т.и.к., ага илим. кызм.*
*КР УИА Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту*
***Ормоналиев К.О.***
*ага окутуучу, Ош МУ*

# ПОСТСОВЕТТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗ-ТАЖИК МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

***Закиров М. А.***
*кандидат исторических наук, ст.научн. сотрудник,*
*Институт истории, археологии и этнологии*
*им. Б. Джамгерчинова НАН КР*

***Ормоналиев К.***
*страший преподователь ОШ ГУ*

# ФОРМИРОВАНИЕ И РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСКО-ТАДЖИКСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОЙ ГРАНИЦЫ В УСЛОВИЯХ ПОСТСОВЕТСКОЙ ТРАНСФОРМАЦИИ

***Zakirov M. A.***
*Candidate of Historical Sciences, Senior Researcher Employee,*
*Institute of History, Archeology and Ethnology*
*named after B. Jamgerchinova NAS KR*

***Ormonaliev K.***
*Senior Lecturer of OSH State University*

# FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE KYRGYZ-TAJIK STATE BORDER UNDER POST-SOVIET TRANSFORMATION CONDITIONS

**Аннотация.** Аталган макалада 1990-жж. кийинки учурдагы кыргыз-тажик мамлекеттик чек аралардын калыптануусу жана ал көйгөйдү чечүү маселеси, бул жараянга таасир тийгизген бир катар факторлор талдоого алынды. Авторлор чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо иштерин, чек араларга жакын жайгашкан айылдарда этностор аралык чыңалуунун күчөшүн, суу жана жер байлыктарын пайдалануу, анклав ж.б. маселелерге кеңири токтолушкан. Аймактагы демографиялык проблемадан улам чек ара маселеси курчуп жатканын баса белгилешет. Эмгекте эки тараптуу кызматташуу жана баарлашуу аркылуу гана маселени жөнгө салуу мүмкүн экендиги айтылат.

**Негизги сөздөр**: Кыргыз-тажик чек арасы, постсоветтик мезгил, делимитация, демаркация, анклавдар, чек ара жаңжалдары, суу жана жер байлыктары, этнос, Фергана өрөөнү, аймактык коопсуздук.

**Аннотация**. В данной статье рассматриваются процессы формирования кыргызско-таджикской государственной границы после 1990-х годов, а также проблемы, связанные с её урегулированием. Проанализированы ключевые факторы, повлиявшие на этот процесс. Авторы подробно останавливаются на вопросах делимитации и демаркации границы, росте межэтнической напряженности в приграничных селах, использовании водных и земельных ресурсов, а также на анклавной проблеме. Особое внимание уделяется влиянию демографических

проблем на обострение пограничных конфликтов. В работе подчеркивается, что урегулирование ситуации возможно только через двустороннее сотрудничество и диалог.

**Ключевые слова:** кыргызско-таджикская граница, постсоветский период, делимитация, демаркация, анклавы, пограничные конфликты, водные и земельные ресурсы, этнос, Ферганская долина, региональная безопасность.

**Abstract.** This article examines the formation of the Kyrgyz-Tajik state border in the post-1990s period and the challenges associated with its resolution. The study analyzes several key factors that have influenced this process. The authors focus on issues of border delimitation and demarcation, the intensification of interethnic tensions in border villages, the use of water and land resources, and the problem of enclaves. Special attention is paid to how demographic pressures have contributed to the escalation of border disputes. The article emphasizes that resolving these issues is only possible through bilateral cooperation and dialogue.

**Keywords:** Kyrgyz-Tajik border, post-Soviet period, delimitation, demarcation, enclaves, border conflicts, water and land resources, ethnicity, Fergana Valley, regional security.

1990-жж. баш ченинде Борбордук Азия республикалары көз карандысыздыкка жетип, эл аралык мамилелерде өз алдынча субъект катары чыгып, тышкы саясий багыттарын аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Мындай шартта, биринчи кезекте, бири-бири менен өз ара мамилелерди бекемдөө негизги орунда турган. Бирок, бул жараянга мамлекеттик чек аралардын такталбагандыгы, анын юридикалык жактан бекемделбегендиги ири тоскоолдуктарды жараткан.

1996-ж. июлунда Кыргызстан менен Тажикстандын тышкы саясий мекемелеринин жемиштүү иш-аракеттеринен улам тараптар консенсуска келишип, мамлекеттер аралык мамилелер боюнча Келишим жана эки тараптуу, анын ичинде чек ара маселелерин комплекстүү кароо жөнүндө протоколго кол коюлган.

1997-жылдын 27-июнунда Москвада РФ менен Ирандын ортомчулугу менен жүргүзүлгөн бир катар сүйлөшүүлөрдөн кийин Тажикстандын башчысы Э. Рахмонов жана оппозиция лидери С.Абдулло Нури өлкөдө тынчтыкты орнотуу жана жалпы улуттук макулдашуу боюнча келишимге кол коюшкан. Мындай тарыхый окуядан кийин Тажикстанда жарандык согуш токтоп, коалициялык өкмөт түзүлгөн жана оппозициянын аскердик күчтөрү өкмөттүк күч түзүмдөрүнө кошулган. Бирок, тилекке каршы, жогоруда аталган келишим мамлекеттеги карама-каршылыктарды, пикир келишпестиктерди толук түрдө чече алган жок. Өлкөдө аймактык топтордун ортосундагы тирешүүлөр сакталып кала берген. Тажикстанда парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, өлкөдө жаңы Конституция кабыл алынып, кырдаал туруктошкан соң чек араларды тактоо иштери башталган.

Чек ара боюнча 5 жыл токтоп калган сүйлөшүүлөр ошол жылдын ноябрында Ош шаарында башталган. 1998-жылдын февралында Хужантта Кыргыз-тажик Өкмөттөр аралык комиссия мамлекеттик чек араны делимитациялоонун укуктук жолдорун талкууга алган жана чек ара маселелерин чечүү үчүн жумушчу топторду түзгөн [5.39.]. Бирок, коңшу республикадагы саясий кырдаалдан улам сүйлөшүү жараяны токтоп калган. Эки мамлекеттин ортосундагы саясий пикир келишпестиктер Исфара менен Баткен райондорунун тургундарынын ортосунда жаңжалды жараткан. Абалды турукташтыруу үчүн жергиликтүү бийликтер тарабынан сууну бөлүштүрүүнү көзөмөлдөөчү биргелешкен кошуундар түзүлгөн.

Баткен окуяларына чейин (1999-2000-жж.) кыргыз-тажик чек арасынын басымдуу бөлүгү ачык болуп, аскерлер тарабынан кайтарылбаган. Анткени, Тажикстандагы жарандык согуш эки тараптуу чек араларды тактоого жана кайтарууга мүмкүндүк берген эмес. Баткен аймагындагы окуялар жана кийинки мезгилдердеги перманенттүү мүнөздөгү чек ара жаңжалдары аймактагы абалды оордотуп, маселе канчалык деңгээлде кооптуу экендигин көрсөттү.

2000-жылы эки республиканын ортосундагы орчундуу маселелерди комплекстүү кароо үчүн өкмөттөр аралык комиссия түзүлгөн. Жолугушуу учурунда мамлекеттик чек араны тактоо боюнча жумушчу топтор

түзүлгөн. Согди облусунун Исфара районунда талаш жерлер өтө көп болгон, ал үч тарабынан Баткен району менен чектешет. Совет мезгилинде аталган район Кыргызстандын аймагына кирип кеткен жана бир катар жерлерди чарбалык максатта пайдаланып келген. Жер, суунун айынан аймакта тез-тез чыр-чатактар катталып турган [5.39.].

Чек ара аймактарында кыргыздар менен тажиктердин аралаш жашоосу абалды оордоткон. Мындай көрүнүш эки республиканын аймагында тең орун алган. Бирок, жарандык согуш жана кийинки саясий кырдаалдын оорлошуу мезгилинде көптөгөн кыргыздар өздөрүнүн тарыхый жерлерин таштап, Кыргызстанга көчүп өтүүгө мажбур болушкан. Жогоруда айтылгандай, Баткен (калкы 60 миң.) менен Исфара (калкы 160 миң.) райондору чектешкен жерлерде конфликтүү кырдаал түзүлгөн [1.64]. Баткен району Исфарага салыштырмалуу көп жерди ээлегендигине карабай, аймакта дыйканчылык үчүн ыңгайлуу жерлер өтө аз, тоолуу рельеф басымдуулук кылып, суу тартыштыгы өтө күчтүү.

Кыргыз-тажик чек арасынын узундугу 1008 км. түзүп, анын басымдуу бөлүгү Баткен жана Лейлек райондору аркылуу өтөт. Мында эң маанилүүсү чек ара аймактарында 70 ашуун талаш жерлер жана анклавдар болгон. Эки өлкөнүн ортосундагы талаштуу жана конфликт жаратуучу очоктор катары Согди облусунун Исфара районунун түштүк бөлүгүндө (Чорку, Сурх, Ворух жана Шураб) жана Баткен облусунун батыш бөлүгүндө (Ак-Сай, Самаркандек жана Ак-Татыр) айылдарын атоого болот [1.64]. Чек аранын 157 км. – Матчы, 56 км. – Ганчи (Деваштич), 17 км. – Спитамен, 43 км. – Канибадам, 186 км. – Исфара райондоруна туура келет. Так ушул Баткен облусу менен чектешкен райондордо 145 миң гектар жер талаш тартышуунун объектисине айланган.

Аймакта калктын жыш жайгашуусу, жер, суунун таңкыстыгы этностор жана мамлекеттер аралык жаңжалдардын курчушуна себеп болгон. Айрыкча, суунун тартыштыгы ири көйгөйлөрдү жараткан. Чек арадагы Исфара дарыясынын куймасында жайгашкан суу бөлүштүрүүчү системалардын айынан бир топ конфликттер келип чыккан. 40ка жакын жасалма арыктар эки тараптын эгин аянттарыны суу менен камсыз кылып турат. Жаз, жай мезгилдеринде суу таңкыстыгынан улам эки тараптын жергиликтүү тургундары тарабынан өз алдынча сууну тосуп салуу аракеттери көнүмүш адатка айланган. Совет мезгилинде курулган бир нече суу сактагычтар жана жасалма арыктар азыркы учурда жаңжалдардын өзөгүн түзүүдө. 1970-жж. Төрткүл суу сактагычы курулуп, ишке берилгенден кийин аймакты суу менен камсыздоо иштери жөнгө салынып, айдоо аянттары кеңейген. Аталган суу сактагычтан Ак-Татыр (Мачай), Чоң Фергана каналы жана Рават гидротүйүнү суу алат.

Азыркы учурда чек арага жакын аймактарды суу менен камсыз кылуу системасы өтө начар абалда. Жасалма арыктардын көпчүлүгү бетондолбогон, суу сордуруучу аппараттардын толук кандуу иштебегендигинен суу көп ысырап болуп, жерге сиңип кетет. Айрыкча, жай мезгилдеринде чек ара аймактарында суунун таңкыстыгынан улам кырдаал курчуп турган. Чарбалык мүнөздөгү конфликттер суунун жетишсиздигинен эле эмес, аны рационалдуу пайдаланбоодон улам болуп жатканын да баса белгилеп кетүү зарыл.

Жогоруда айтылгандай, жер үчүн талаштар аймактагы конфликттердин өзөгүн түзөт. Фергана тоолорунун этектеринде бир топ талаштуу, айрыкча, дарыялардын жана сайлардын бойлорундагы түшүмдүү жерлер өз ара талаш-тартыштын чордонуна айланган. Так ушул жерлерге ээлик кылуу аркылуу толук кандуу чарба жүргүзүүгө мүмкүндүк пайда болот. Мындай ресурстар үчүн күрөшкө жергиликтүү тургундар эле эмес, Фергана өрөөнүндөгү республикалардын жогорку бийлик түзүмдөрү да тартылууда.

XX к. Фергана аймагында жашаган калктын саны кескин өсө баштаган, натыйжада жер тартыштыгы маселеси келип чыккан. Демографиялык өсүш Фергана өрөөнүнүн чек ара аймактарындагы чыр-чатактардын башкы фактору болуп калды. Мында жердин жетишсиздиги негизги социалдык проблема болуп саналат, кыргыз жарандарынын, айрыкча, жаштардын чек арага жакын аймактардан массалык түрдө башка жактарга көчүп кетүүсү – тажик жарандарынын тынчтык экспансиясынын ишке ашуусуна мүмкүндүк берген.

Тажикстан менен чектешкен Лейлек районунда 14 айыл жайгашкан, бул аймактардагы үйлөрдү Согди облусунун Гафуров районунун жашоочулары акырындык менен сатып алып, чек араны кеңейте баштаган._Алар сугат жерлерди гана эмес, айыл чарбасына жана курулушка анча жараксыз жерлерди да сатып ала баштаган. Тажикстандын жарандарынын кыргыз айылдарына отурукташуусун кээ бир изилдөөчүлөр сойломой экспансия деп аташкан. Тажиктер бардык бош жерлерге алгач бак-дарак отургузуп, кийинчерээк турак-жайларды кура баштаган. Ушундай иш аракеттердин натыйжасында кыргыздардын Мырза-Патча айылында тажик үйлөрү пайда болуп, райондун борбору Коргончу айылы менен чектеше баштаган.

Кыргыз-тажик чек араларын делимитациялоо маселелери 1999-ж. Баткен окуяларына чейин каралган эмес. Ошол жылы эки өлкөнүн жетекчилери жаңы бажы көзөмөлдөө түйүндөрүн ачышып, чек ара аймактарына кошумча аскердик күчтөрдү жайгаштырышкан. Бул саясат өз кезегинде чек ара аймактарында жашаган элдин абалын оордоткон, анткени, соода-сатык элдин жашоосу үчүн жападан-жалгыз булак болгон. Чек ара көзөмөлдөрүнүн күчөтүлүшү, коңшу республикалардын чек арага жакын аймактарга миналарды жаткыруу иштери да кырдаалдын курчушуна алып келген.

2000-ж. Кыргызстан менен Тажикстан Хужанд-Исфара-Ош-Мургаб унаа жолун түзөтүү, Өзбекстандын аймагын жана анклавдарын бойлото айланма жолдорду куруу боюнча бир катар келишимге кол койгон. Ага Өзбекстандын транзиттик унааларга болгон салыкты кескин жогорулатуу саясаты себеп болгон. Ошол жылы кыргыз-тажик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча биргелешкен өкмөттөр аралык комиссия өз ишин кайрадан уланткан.

Бул мезгилде жергиликтүү бийлик тажик жарандарына Кыргызстандын аймактарында жерлерди сатып алууга бөгөт коюу үчүн жаңы көзөмөл-өткөрүү түйүндөрүн ачууну жана аларга үй сатып алууга тыюу салуу маселесин көтөргөн. Ошол учурда айрым чек арага жакын айылдарда турак-жайларга болгон баа Бишкек шаарындагыдай деңгээлге жеткен. Айрыкча, Максат айылында эки мамлекетте тең катталган бир нече үйлөр болгон [11]. Мындай көрүнүш башка айылдарда да байкалган, бирок, тажик жарандарына сатылган үйлөрдүн так саны белгисиз болгон. Мисалы, Арка айылында 50 үй сатылып, Тажикстандын жарандары эки өлкөнү бөлүп турган Хужанд – Канибадам жолунун жээгинен үй сатып алып, Кыргызстан тарапка өтүп кетишкен [11].

Бир топ айылдардын чек аранын жанында жайгашуусу этностор аралык социалдык карама-каршылыктарды күчөтүп, ири конфликттердин чыгышына себеп болгон. Исфарага жакын Достук айылы чек ара жаңжалдарынан улам курчоодо  калган, жергиликтүү тургундар эгин талааларына баруу үчүн 15 км. жерди басып өтүшөт, эгерде Тажикстан аркылуу жүрсө болгону 300 метр аралыкты басып өтмөк. Айрыкча, жазгы талаа жумуштары учурунда жергиликтүү тургундар талааларда калып иштөөгө мажбур болушат, анткени  жол алыс, тажик чек ара көзөмөлдөө түйүндөрү тез-тез жабылып турган.

Совет мезгилинде бүт республикалар бири-бири менен тыгыз чарбалык-экономикалык байланышта болушуп, өз ара көз карандылык күчтүү болгон. Мисалы, ошол мезгилде унаа жолдору сөзсүз түрдө республикалар аркылуу өтүп, кошумча жолдор жок болгон. Чек аралар формалдуу мүнөзгө ээ болгондуктан, күч түзүмдөрү аркылуу кайтарылган эмес жана жарандар эркин түрдө чек арадан өтө алышкан. Бирок, мындай абал союздун ыдырашы менен өзгөрүп, жаңы республикалар өз аймактарын катуу көзөмөлгө алып, өздөрүнүн мыйзамдары менен жашай баштаган. Бул болсо, калыптанып калган экономикалык байланыштарды үзгүлтүккө учуратып, салттуу өз ара мамилелерге доо кетирген.

Баткен облусу Фергана өрөөнүндө стратегиялык маанилүү жерде жайгашкан. Ошондуктан мындагы бир эле унаа жолду жаап салуу аркылуу облустун республиканын башка аймактары менен байланышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Ага Ворух, Достук ж.б. айылдарындагы түзүлгөн кырдаал ачык күбө.

Чыр-чатактар чыккан мезгилде кыргыз тарап Ворух-Исфара, ал эми тажик тарап Баткен-Раззаков жолдорун (Көк-Таш айылындагы Ак-Суу дарыясындагы көпүрөнү) жаап салышат. Ак-Суу көпүрөсүнүн талаштуу болушунан улам Кыргызстан Көк-Таш айылынын

түштүк тарабы аркылуу өтүүчү жаңы айланма Көк-Таш – Ак-Сай-Тамдык жолун курууга аракет жасаган. Бирок, талаштуу аймактар аркылуу өтүүчү бул жолду куруу иштери тажик тараптын нааразычылыгынан улам токтотулган. Конфликт күчөгөн учурда жолдорду жабуунун натыйжасында, биринчи кезекте, жергиликтүү калк көп кыйынчылыктарга кабылышкан, себеби баанын кескин көтөрүлүшүнөн улам элди азык-түлүк менен камсыздоо иштери кыйындаган.

Аймактагы социалдык-экономикалык көйгөйлөр: жумушсуздук, демографиялык кырдаал, миграция ж.б. абалдын курчушуна өбөлгө түзгөн. Баткен облусунда калктын 32,6%нын жашоо деңгээли өтө төмөн. Аймактын калкынын басымдуу бөлүгү эмгек миграциясынын эсебинен күн көрүшөт.

Баткен аркылуу Тажикстан айыл чарба продукцияларын, күйүүчү-майлоочу майларды, тамеки, турмуш-тиричилик буюмдарын сатып алат жана Кыргызстанга айыл чарба азыктарын экспорттойт.

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо процесси – бул жөн гана аймактарды юридикалык жактан аныктоо жана белгилөө маселеси эмес. Бул процесс чек арага чектеш аймактарда жашаган калктын жашоо-шарттары, жер жана суу ресурстарынын пайдаланылышы, транспорттук жана социалдык инфраструктуранын өнүгүүсү сыяктуу бир катар маанилүү факторлор менен тыгыз байланышта.

Чек араны тактоо жана расмий түрдө бекитүү жараяны аймактагы коопсуздукту камсыз кылуу менен катар эки мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө да салым кошушу зарыл. Бул чек арага чектеш калктын турмуш деңгээлин жогорулатуу, инфраструктураны жакшыртуу жана экономикалык байланыштарды өнүктүрүү аркылуу ишке ашырылышы керек. Ошондуктан, чек ара маселесин жөнгө салуу эки тараптын тең узак мөөнөттүү кызыкчылыктарына шайкеш келген конструктивдүү диалогду жана кызматташууну талап кылат.

Эки республиканын чек ара маселелерин чечүүнүн укуктук негидерин аныктоо боюнча сүйлөшүүлөр 2002-ж. декабрында Бишкекте башталган. Мында 1920-жж. улуттук республикаларды түзүү, паритеттик комиссиялардын чечимдери чоң мааниге ээ болгон [6.274]. 2003-ж. 18-апрелинде Душанбеде кезектеги жолугушууда Тажик тарап мамлекеттик чек араларды аныктоонун негизин 1925 жана 1927-жж. документтерге таянуунун сунуштаган, бирок Кыргыз тарап ага каршы болуп, азыркы шарттагы чек ара багыты боюнча, тагыраак айтканда [7.233.], 1936–1950-жж. документтердин негизинде чечүүнү сунуштаган.

*Азыркы мезгилдеги кыргыз-тажик чек ара маселесин изилдөөдө биз Совет Өкмөтүнүн 1920-жж. аймактагы улуттук республикаларды түзүү, райондоштуруу саясатына кайрадан көңүл бурабыз.*

*Орусия Түркстан аймагын басып алгандан кийинки мезгилде кыргыздардын басымдуу бөлүгү Фергана (Анжиян, Кокон, Наманган, Ош, Скобелев уездери) (410 мин киши), Сыр-Дарыя (Ташкент, Черняев, Аулиеата волосттору) (70 миң киши), Самарканд облусунда (70 миң киши) жана Жети-Суу (310 миң киши), облустарынын курамында калышка* [9.143.]. *210 миңге жакын кыргыздар Памирде, Бухарада, Чыгыш Түркстанда жашашкан.*

*1924-жылдын 16-сентябрында кабыл алынган ТүркБАКтын өзгөчө сессиясынын токтомунда мындай деп айтылган: «Эгекчилердин жана дыйкан массаларынын жалпы эркин билдирүүсүнө ылайык, кыргыз (казак-авт.) элинин ТАССР курамындагы кыргыз (казак) аймактарын Кыргыз (Казак) Советтик Социалисттик Республикасына бириктирүү максатында, кыргыз (казак) элине ТАССР курамынан чыгууга укук берүү керек»* [9.143.].

*Ошол жылдын 11-октябрында РКП(б) Борбордук Комитетинин өзгөчө жыйынында жаңы түзүлүп жаткан республикалардын жана автономиялуу аймактардын өкүлдөрүнүн катышуусунда мамлекеттик фонддорду жана капиталдарды жаңы республикалар менен автономиялуу аймактардын ортосунда бөлүштүрүү жана экономикалык чектөөлөрдү аныктоо маселеси чечилген. Бул чечим менен Ташкент маселеси боюнча талаштарга чек коюлган (бул шаар үчүн казак жана өзбек элдеринин өкүлдөрүнүн ортосунда талкуу жүрүп келген) – Ташкент Өзбек ССРинин курамына кирери расмий түрдө бекитилген. Ошол эле жыйында Тажик АССРин Өзбекстандын курамында түзүү чечими кабыл алынган, ал эми Памир маселесин кароо*

*атайын комиссияга тапшырылган. Кийинчерээк ошол комиссиянын сунушу менен СССР БАКтын Президиуму Тажик АССРинин курамында Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусун түзгөн»* [7.233.].

*СССРдин БАКнин экинчи сессиясы 1924-ж. 27-октябрында Борбордук Азияны улуттук-аймактык жактан бөлүштүрүү жана «улуттардын өз алдынча аныкталышы принциби боюнча» Өзбек ССРинин курамында автономиялуу Тажик АССРин, Түркмөн ССРин, РСФСР курамындагы Кара-Кыргыз автономиялуу облусун түзүү жөнүндө токтом кабыл алган. Бул токтомго ылайык, Түркстандын айрым аймактары Казак АССРине кошулган. Казак АССРине жаңы түзүлгөн Каракалпак автоном облусу да кирген. 1924-ж. ноябрында жаңы республикалар жана облустардын түзүлүшүнө байланыштуу Түркстан, Бухара жана Хорезм Борбордук Аткаруу Комитеттеринин сессиялары өз ишмердүүлүгүн токтотуу чечимин кабыл алышкан. Республикалар менен облустардын чарбаларын бөлүштүрүү жана айрым уюмдар менен мекемелерди жоюу максатында Борбордук Азияда Жоюу комитети түзүлгөн. Мурдагы республикалардан бөлүнүп чыккан аймактарды убактылуу башкаруу жана жаңы түзүлгөн республикалар менен облустардын Кеңештеринин уюштуруучу съездин өткөрүүгө даярдык көрүү милдети убактылуу бийлик органдарына — революциялык комитеттерге (ревкомдорго) жүктөлгөн. Ошол эле мезгилде Казак АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети ТАССРинен бөлүнүп чыккан аймактарды башкаруу боюнча революциялык комитеттин жобосун бекиткен.*

*Улуттук-аймактык бөлүштүрүүнүн натыйжасында мурдагы Түркстан АССРинин Жети-Суу жана Сырдарыя облустарынын көбү Казак АССРине өткөн. Ошол жылдын ноябрынан тартып бул облустарды башкаруу Казак АССР өкмөтү түзгөн жогоруда аталган ревком тарабынан жүргүзүлгөн. 1924-жылдын аягында жана 1925-жылдын башында Казак АССРине кошулган уездер менен болуштардын чек араларын тактоо иши улантылган.*

*1925-жылдын февралында Төрткүл шаарында өткөн Каракалпак автоном облусунун биринчи Кеңештеринин уюштуруучу съезди Каракалпак автоном облусунун түзүлгөнүн жана анын Казак АССРинин курамына киргенин расмий түрдө бекиткен.*

*Бөлүштүрүүнүн натыйжасында Казакстанга Казалин, Акмечит, Түркстан, Чымкент уезддери, Сырдарыя облусунун Аулие-Ата уездинин көпчүлүк бөлүгү, Ташкент жана Мырзачөл уезддеринин айрым бөлүктөрү өткөн. Жети-Суу облусунан Казак АССРине Алма-Ата, Жаркент, Лепси, Капал (Талды-Корогон) уезддери, Пишпек уездинин Георгиев, Чүй жана Каранукус болуштары кошулган. Натыйжада Казак АССРинин аймагы дээрлик 700 миң чарчы км. көбөйүп, 2,7 млн. чарчы км. жеткен. Калкынын саны 1 млн. 468 миң адамга көбөйүп, 5 млн. 230 миң адамды түзгөн. 1926-жылдагы эл каттоого ылайык, республиканын калкынын болжол менен үчтөн экисин (61.3%) казактар түзгөн.*

*Экономикалык ресурстарга жана ирригациялык тармакка бай, мал чарбачылыгы өнүккөн чоң аймактын кошулушу Казакстандын өндүрүштүк күчтөрүнүн өнүгүшүнө оң таасир тийгизди. Ушуга байланыштуу республикада жаңы административдик-территориялык бөлүштүрүү маселеси каралган. Бул талкуунун жүрүшүндө Казак АССРинин борборун Оренбург шаарынан башка шаарга көчүрүү маселеси көтөрүлдү. Оренбург Казак АССРинин түзүлүшүндө чоң роль ойногон, бирок жаңы тарыхый шарттарда анын географиялык жайгашуусу Казакстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн талаптарына жооп бербей калган. Мындан тышкары, Оренбург Казакстандын аймагынан алыс жайгашкан болчу* [9.143.].

*Жогорудагы маалыматтар тастыктап тургандай азыркы кыргыздар байырлап турган бир катар аймактар, анын ичинде Чүй өрөөнүндөгү болуштуктар, Чыгыш Памир жерлери негизсиз түрдө Совет өкмөтүнүн чечими менен башка республикалардын курамына өтүп кеткен.*

*1926-ж. Совет Өкмөтү (ВЦИКтин Президиуму) 6-декабрдагы чечими менен Кыргыз Автономдуу Облусун административдик бөлүнүшү боюнча токтом кабыл алган. Алгачкы 4 округ, 72 болуштуктун ордуна эми 7 кантон (Фрунзе, Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад), 52 болуштук жана 455 айылдык кеңештер түзүлгөн. Жаңы административдик саясаттын натыйжасында 5 болуштуктан жана 46 айылдык кеңештен*

*турган Фрунзе (европалык) кантон түзүлгөн. Мындан тышкары, башка кантондордун курамында орус, өзбек, немис, уйгур, дүнган, калмак жана татар улуттарынан турган 8 болуштук, 94 айылдык кеңеш бар болчу. Кээ бир айыл өкмөттөр, аскердик бөлүктөр жана айылдык кеңештер, анын ичинде 4 шаардык кеңеш, улуттук курамы боюнча аралаш болгон.*

*Мында биз карап жаткан маселеге тиешелүү эң маанилүүсү 1926-ж. райондоштуруу натыйжасында Аим волосту, айрым айылдык кеңештерди кошпогондо, Өзбекстанга өткөрүлгөн. Ал эми Өзбек ССРинин карамагындагы кыргыздар жашаган Исфана, Чапкулук жана Баска-Исфана болуштуктары Кыргызстанга өткөрүлгөн. Райондоштуруу учурунда Өзбекстандын Фергана өрөөнүнүн түрдүү волостторунда 26 кыргыз айылдык кеңештер түзүлгөн.*

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жүргүзөлгөн улуттук-жиктешүү саясатын терең өздөштүрүү аркылуу гана азыркы мезгилеги кыргыз-тажик чек ара маселелерин аңдоого мүмкүндүк жаралат.

Жогорудагы тарыхый талдоолордон кийин кайра 2000-жж. эки тараптуу чек ара маселелерин тактоо иштерине көңүл бурабыз. 2002-ж. жылдын июнунда Бишкекте өткөн Өкмөттөр аралык комиссиянын үчүнчү отрумунда тараптар жарандар жана унаалар үчүн чек арадан өтүүнү жеңилдетүү маселеси боюнча макулдашышкан. Анда мамлекеттик чек араны аныктоонун укуктук негизин түзүү; жерди пайдалануунун тартиби жана абалы; космостон тартылган сүрөттөрдү пайдалануу маселелери каралган. Кийинки 2004-ж. отурумда мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоонун укуктук негиздери талкууланган.

2008-ж. чейин эки өлкөнүн ортосунда олуттуу конфликттер байкалган эмес, абал ошол жылдын 26-мартында кескин түрдө өзгөргөн. Исфара районунун акими баштаган 150дөн ашуун куралданган тажиктер экскаватордун жардамы менен Кыргызстандын аймагына мыйзамсыз киришип, суу бөлүштүрүүчү дамбаны бузууга аракеттенишкен. Мындай абал мамлекеттер аралык мамилелерге доо кетирип, этностор аралык жаңжалдардын курчушуна өбөлгө түзгөн. Ошол жылдын 27-июлунда кыргыз-тажик Өкмөттөр аралык комиссиянын сегизинчи отуруму Исфарада өткөн [11.90.].

2010-ж. мартында Бишкекте өткөн кыргыз-тажик чек ара комиссиясынын кезектеги отурумунда эки тараптуу мамлекеттик чек аранын 50%ы такталган. Кийинки жылы эки тараптын топографиялык жана жерге жайгаштыруу кызматтарынын 13 жолу эксперттик жолугушуусу болуп, өкмөттөр аралык жумушчу топтордун 20 ашуун отуруму, өкмөттөр аралык комиссиясынын 9 жолу отуруму өткөн [11.90.]. Сүйлөшүүлөрдө айрым талаш жерлер жана тараптардын аймактык доомattары каралган. Акыркы мезгилдердеги чыр-чатактар чек ара сызыгы такталбаган жерлерди өздөштүрүүнүн айланасында болгон. Мисалы, 2011-ж. мартында Баткен районунун Кара-Бак айылындагы кыргыздардын жерлерине тажиктер отургузган 400 өрүк бактарын жулунуп салынган. Эки өлкө тең бул жер тилкелерин өздөрүнө таандык деп эсептешет. Жайыттарды пайдалануу, арча токойлорундагы бак-дарактарды кыюу маселеси Ворухтун тургундары менен Кыргызстандын чек ара жана экология кызматкерлеринин ортосундагы чыңалган маселеге айланган.

Чек ара сызыгын аныктоодо анклавдар, алардын чегин белгилөө ж.б. көйгөйлөр чоң тоскоолдуктарды жаратып келген. Этникалык анклавдар чек ара аймактардында кырдаалдын чыңалуусунун туруктуу факторуна айланган. Кыргызстандын аймагында Исфара районуна караштуу Ворух жана Кайрагач (Батыш Калача) анклавдары бар. Кайрагач (аянты 34 га жетпеген) эң кичине анклав, дарыянын жээгиндеги бош талаа, чек ара маселесинин чечилбешинен, жайыттар жана суу талаштан улам дайыма чыр-чатактар болуп, тараптар бири-бирине доомattарын коюп келишет. Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө тараптардын ар башка жылдардагы документтерди колдонуусу маселени чечүү иштерин татаалдантып келген. Эки республика тарабынан көптөн бери талашып келген бул жерлердин басымдуу бөлүгү стратегиялык мааниге ээ. Мында суу байлыктары, транспорттук инфраструктура жана жайыттар жайгашкан.

Чек ара маселеси боюнча иштеген адистердин пикиринде Кыргызстанда 5 анклав бар, анын – 4 Өзбекстанга, 1 Тажикстанга

таандык. Бирок Баткен облус бийлиги 6 анклав бар экенин билдирген: алардын 4 Өзбекстанга (Сох, Шахимардан, Чоң-Гара, Таш-Дөбө) жана 2 Тажикстанга (Кайрагач жана Ворух) таандык [3.56.]. Бирок, аларды картадан табуу кыйын маселе. Мындан тышкары, анклавдар ар кандай аталыштарга ээ. Мисалы, Чоң-Гара анклавын Түндүк Сох деп аташат, кээде Калача деп да белгилешет. Шахимарданды да эки башка анклавга бөлүшөт – Түштүк Шахимардан жана Жангайл. Кайрагачты дагы Батыш Калача деп аташат. Алардын көбү карталарда дээрлик көрсөтүлбөйт. Мисалы, Таш-Дөбө айылы карталарда көрсөтүлбөйт. Тажикстандын Кайрагач же Лолазор айылдары да көпчүлүк үчүн белгисиз бойдон калууда.

Аянты 92 чарчы чакырымды түзгөн Ворухтун калкынын 95% тажиктер, 5% кыргыздар түзөт. Ворухтун калкы тез темпте өсүп жатат, алсак, 1990-жж. баш ченинде анын калкы 23 миң киши болгон болсо, азыкы учурда 40 миңден ашты [3.56.]. Мындай көрүнүш калктын табигый өсүшү менен эле эмес, миграциянын натыйжасы катары да түшүндүрүлөт [12]. Лейлек районун республиканын калган бөлүгү менен байланыштырган стратегиялык маанидеги жападан-жалгыз унаа магистралы так ушул Ворух аркылуу өтөт.

Ворух аркылуу Лейлекке өтүүчү жолдо тажиктер мезгил-мезгили менен транзиттик автоунааларды өткөрбөй, тосуп, таштар менен аткылашкан учурлар өтө көп болгон. Бул өз кезегинде этностор аралык мамилеге да доо кетирип, карама-каршылыкты курчутуп келген [12].

Баткен облусундагы Төрткүл суу сактагычынан айланасында да бир топ пикир келишпестиктер бар. Аталган суу сактагыч эки өлкөнүн эгин талааларын суу менен камсыздап турат. Ворух жана ага чектеш кыргыз айылдарынын тургундары талаштуу жерлерди пайдалануу боюнча чырдашып келишет. Ири кагылышуулар менен коштолгон жаңжалдарга мамлекеттик чек араны бузуу аркылуу тажик күч түзүмдөрүнүн да тартылышы, абалды оордотуп, ачык тирешүүлөргө алып келген [12].

2000-2013-жж. чыр-чатактар учурунда, негизинен, таштар жана багбанчылык шаймандары колдонулуп келген. Эксперттер муну «Кетмен согуштары» деп аташкан.

Кыргыз бийлиги Тажикстандан энергетикалык көз карандылыкты жоюу үчүн 2011-ж. жогорку вольттогу «Айгүл-Таш – Самат» электр линиясы жана «Самат» көмөкчордону курулуп, ишке кирген. Натыйжада, Баткен, Лейлек райондору, Сүлүктү шаары ички ресурстардын эсебинен камсыздала баштаган.

2010–2013-жж. кыргыз-тажик чек ара аймактарында 62 чыр-чатак чыккан, талаш жерлердин такталбагандыгынан улам кырдаалды көзөмөлдөө кыйынга турган.

2013-ж. бир катар сүйлөшүүлөрдөн улам Кыргызстандын аймагында жайгашкан Өзбекстан Сох анклавынын көйгөйү, ал эми 2014-ж. Тажикстандын Ворух анклавындагы чыр-чатактар жөнгө салынган. Буга чейин аталган аймактарда катталган конфликттерден улам бир нече жарандар набыт болушкан [12].

Негизинен кыргыз-тажик чек араларындагы жаңжалдарга себеп болгон жол, суу, жайыт жана жерге болгон маселелер буга чейин чечилбей келген. Бул учурда Бел-Бөжөй – Сөгөт, Айгүл-Таш – Согмент-Таян жолдорунун курулушу Сохтун айланасындагы жаңжалдарга, ал эми Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык жолунун курулушу Ворухтагы чыр-чатактардын чыгышына бөгөт койгон. Буга чейин жергиликтүү калк Өзбекстандын, Тажикстандын жолдору аркылуу өтүп турган, алар кээде барымтага алынып, автоунаалары талкаланып турган, башкача айтканда, кыргыз жарандарынын коопсуздугуна коңшу республикалар кепилдик беришкен эмес.

2015-ж. 91 млн. АКШ долл. каражат жумшалган Ош-Баткен-Исфана жолун КЭРнын ишканалары куруп бүтүрүшкөн. Бир эле мезгилде Көк-Талаа-Пүлгөн, Ак-Сай-Рават, Кулунду-Максат жолдору да кыска мөөнөттө курулуп, ишке киргизилген [12]. Бул иш чаралар Баткен облусунун коңшу республикалардан көз карандылыгын жойгон жана ири чыр-чатактардын басаңдашына өбөлгө түзгөн.

2013-ж. КР Өкмөтү кабыл алган 5 жылдык мамлекеттик программага ылайык, чек ара аймактарда коопсуздукту камсыздоо жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгуу, чет өлкөлүк жарандардын чек ара аймактарына келүүсүн катуу көзөмөлдөө жана

аларга жерлерди, турак үйлөрдү ж.б. объекттерди сатууга тыюу салынган.

2013-ж. башында эки тараптуу тирешүү өзүнүн туу чокусуна жеткен. Эки өлкөнүн чек ара кызматтарынын жетекчилери – генерал-лейтенанттар: Т.Мамытов менен Шерали Мирзо 14-мартта жолугушуп, маселени талкууга алышкан. Алар кыргыз-тажик чек арасындагы чыр-чатактарды иликтөө үчүн биргелешкен чек ара топторун жана комиссияларын түзүү боюнча макулдашкан. Кабыл алынган документте тараптар чек ара эрежелерин бузган жарандарга карата курал колдонбоо, эгерде  чек арачылардын жана жарандардын өмүрүнө коркунуч келсе гана күч колдонуу, андан сырткары, чек аранын талаштуу жерлеринде ар кандай чарбалык иштерди жүргүзүүгө тыюу салуу боюнча макулдашылган. Талаштуу жерлер акыркы мезгилдерде  конфликттердин  негизин түзүп келген, бирок, аталган макулдашуу жүзөгө ашпай, делимитация жана демаркация маселесин чечүү иштери дагы эле кечеңдеп, кырдаал кайрадан курчуй берген.

2013-ж. апрелинде Ворух анклавын айланып өтүүчү Көк-Таш–Ак-Сай-Тамдык жолунун курулушу Тажик тараптын кескин каршылыгын пайда кылган. Бул айланма жол кыргыз айылдарынын жашоочуларына Ворухту айланып өтүүчү жайыттарга эркин жетүүнү камсыз кылууга багытталган (ага чейин алар анклав аркылуу өтүүгө мажбур эле). Кыргыз жарандары Ворух аркылуу өтүп бараткaнда мал жоголгон учурлар, кагылышуулар көп болгон. Ошол эле кезде Ворух эли Кыргыз жайыттарын эркин пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Тажик тарап Ак-Сай менен Тамдык айылдарын бириктирген  айланма жол Ворухка таандык жерге курулуп жатканын, эгерде, бул жол ишке кирсе, анда Ворухтун тургундары кыргыз жайлоолорунда мал багуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат деп эсептешкен. Ворухтуктардын катуу каршылык көргөзүүсүнүн натыйжасында айланма жолду куруу иштери убактылуу токтотулган. Этностор аралык деңгээлге өсүп жеткен бул жаңжал жергиликтүү бийликтин, чек ара кызматы жана дин кызматкерлеринин жигердүү иш аракеттеринен улам токтотулган.

2014-ж. 11-январында Хожаи Ало (Исфара району) жана Аксай (Баткен району) айылдарынын кесилишинде кезектеги, ири масштабы, олуттуу мүнөздөгү конфликт чыккан. Жогоруда айтылган айланма жолдун курулушу ага себеп болгон [2]. Тажикстан 2008-ж. 24-апрелиндеги эки өлкөнүн ортосундагы түзүлгөн макулдашууга таянып, талаштуу аймактарда ар кандай курулуш жана чарбалык иштерди жүргүзүүгө тыюу салынгандыгын айтып чыккан. Бул окуяда эки тараптын чек арачыларынын ортосунда атышуу орун алып, ок атуучу курал пайдаланылган. Анын натыйжасында 2 тажик жана 5 кыргыз чек арачысы жана 1 тартип сакчысы жаракат алышкан.  Кыргыз чек ара кызматынын баамында, тажик аскерлери миномет жана гранатометторду колдонушкан. Бул конфликт тарыхта өзгөчө мааниге ээ. Анткени, эгерде алгач эки тараптуу тирешүүлөрдө жергиликтүү тургундар катышса жана жөнөкөй нерселерди колдонушса, эми ага аскердик күчтөр да катышып, ок атуучу куралдар колдонулган. Мунун өзү эки тараптуу чек ара аймактарында конфликт жөнөкөй этаптан өтүп, кандуу кагылышууга жеткендигинен кабар берет. Мамлекеттер аралык өз ара мамилелер да кескин солгундап, тараптар бири-бирин провокация уюштургандыкта айыптай башташкан. Ушул жылдан тартып чек ара жаңжалдарына аскердик күчтөр тартылып, элдик наразычылыктар жаңы формага өткөн. Эгерде алгач конфликттер  эки өлкөнүн жергиликтүү бийликтери, жамаат жетекчилери жана жер, суу боюнча адистер тарабынан жөнгө салынып келген болсо, эми ага чек ара, укук коргоо мекемелери ж.б. күч түзүмдөрү тартыла баштаган. Мындай тенденция, албетте, чек ара аймактарында чыңалууну күчөтүп, согуштук кырдаалдын түзүлүшүнө алып келген.

Этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана чек ара аймактарындагы жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында  2014-жылдын 11-январында Кыргызстан коңшу республика менен чек арасын убактылуу жапкан. Алгач аймактагы чек ара конфликттери, негизинен, чарбалык мүнөзгө ээ болгон болсо, эми ага саясий компоненттер да кошула баштаган. Куралдуу кагылышуу учурунда маанилүү трассалар, чек ара посттору жабылып, жарандардын өз ара каттамдарына тоскоолдуктар  түзүлгөн. 14-январда Бишкекте эки республиканын

вице-премьер-министрлери: Т. Мамытов менен М.Алимардондун жолугушуусунда көзөмөл-өткөрүү пункттарына байланышкан жана чек ара аймактарындагы жолдорду жана жерлерди пайдалануу маселелери талкууланган. Тажик тарап, эң оболу чек ара бекеттерин ачууну суранган: чек аралардын жабылышы Тажикстанга азык-түлүк жана күйүүчү майдын кымбатташынан чоң чыгым алып келди. Ошондой эле чек араларды кайтаруу үчүн кошумча Куралдуу күчтөрдү чыгаруу маселеси талкууланып, кооптуу чек ара аймактарын биргелешип кайтаруу боюнча макулдашылган. Кыргыз тарап жол куруп жаткан талаштуу жер тилкесине байланыштуу маселени жөнгө салуу үчүн комиссия түзүүнү, 11-январвардагы кагылышууда келтирилген зыяндын ордун толтуруу талаптарын койгон. Сүйлөшүү учурунда 11-январдагы окуяларды иликтөө үчүн жумушчу топтор түзүлгөн. 2014-жылдын 17-февралында Бишкекте кезектеги жолугушууда өкмөттөр аралык жумушчу топтордун ишинин жыйынтыктары каралган [11. 96-97.].

3-мартта Душанбеде Тажикстан менен Кыргызстандын ортосундагы талаштуу мамлекеттик чек ара тилкелерин делимитациялоо жана демаркациялоо үчүн түзүлгөн өкмөттөр аралык комиссиянын кезектеги отуруму болгон. Анда мамлекеттер аралык чек арадагы кырдаалды жөнгө салуу боюнча тиешелүү комиссиялардын ишин улантуу тууралуу протоколго кол коюлган. Тараптар мамлекеттик чек аранын талаштуу аймактарына Исфара багытында эки көпүрө куруу чечимин кабыл алышкан.

Жетишилген макулдашууларга ылайык, 2014-ж. апрелинен тартып эки республиканын чек арасы ачылган, ал эми Баткенде талаштуу жерлерди тактоо боюнча комиссия ишин баштаган. Бирок кырдаалды жөнгө салуу боюнча иш-аракеттер макулдашылгандан кийин да чек аранын бул тилкелеринде кайрадан бир нече жолу чыр-чатактар байкалган. Тилекке каршы, жогорку деңгээлде жетишилген макулдашуулар иш жүзүндө дайыма эле аткарылган эмес.

2014-ж. апрелинде чыңалуу тажик тургундары менен кыргыз жол жумушчуларынын ортосунда кезектеги кагылышууга алып келген. Натыйжада, эки тараптан ондогон адамдар жаракат алышкан. 7-майда Аксай айылынын тургундары Ворухтун тургунунун унаасына таш ыргыткандан улам башталган. Өз ара мазактоолор, улутчулдук кыйкырыктары угулуп, таш жана таяк колдонуу аркылуу массалык мушташ башталган. Аксайдагы жаңжалдын жүрүшүндө көмүр контейнери, эки «КамАЗ» жана май куюучу жай өрттөнгөн. Куралданган чек арачылар гана кырдаалды жөнгө сала алышкан. Бул жаңжалда кыргыз тараптан 17 киши жабыркаган, алардын арасында күч түзүмдөрүнүн өкүлдөрү да болгон. Тажик тараптан 8 киши жабыркаган. Ар бир тарап, мурдагыдай эле, чыр-чатактын чыгышында бири-бирин айыпташкан. Белгилей кетүүчү нерсе, эки тарапта тең жергиликтүү чек ара жаңжалын саясий жаңжалга айлантуу максатында элди ашкере аракеттерге үгүттөгөн чагымчыл күчтөр болгон [10].

Чек арадагы жаңжалды жөнгө салуу максатында 8-майда КР вице-премьер-министр А.Маматалиев жетектеген жумушчу топ Баткенде, Исфарада бул окуяны биргелешип иликтеп, чек ара маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жандандырышкан. Сүйлөшүүлөрдө эки өлкөнүн ортосундагы чек ара сызыгын аныктоо, жайыттарды пайдалануу, унаалардын өтүүсүн тартипке келтирүү жана трансчекаралык жолдорду куруу (Исфара-Ворух, Көкташ-Аксай-Тамдык-Кишемиш) ж.б. талкууланган. Мындан тышкары 7-май окуясын иликтөө, күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу чечими кабыл алынган. Эки делегациянын жетекчилери «келечекте мындай чыр-чатактардын алдын алуу зарылдыгын» белгилешип, атайын протоколго кол коюшкан.

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процесси бир катар негизги илимий жана укуктук аспектилерди камтыйт. Бул жараян мамлекеттердин аймактык бүтүндүгүн жана чек арадагы калктын жашоо-турмуш шарттарын эске алуу менен жүргүзүлүп, тарыхый жана эл аралык укуктук принциптерге таянат.

Кыргыз-тажик чек арасын тактоо көп кырдуу жана комплекстүү жараян, ал тарыхый, укуктук жана географиялык факторлорду, эл аралык укуктун принциптерди жана эки тараптуу макулдашуулардын негизинде жүзөгө ашырылышы керек.

**Адабияттар:**


1. Аламанов С.К. Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. Бишкек, 2005.
2. Баймуратов А. Кыргыз-тажик чек арасындагы соңку кырдаал/ https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/04/140407_kyrgyz_tajik_border. 2014-ж. 7-апрель.
3. Волков И.В. Основные проблемы геополитического положения Центральной Азии в эпоху глобализации (на примере Кыргызстана). Бишкек, 2007.
4. Восстание 1916 года. Сборник документов и материалов. Бишкек, 2016. 103-106-бб.
5. Закиров М.А., Ормоналиев К.О. Краткая история формирования государственных границ Кыргызстана. Ош, 2023.
6. История Киргизской ССР. Фрунзе: “Кыргызстан”, 1967.
7. История Казахстана. Алматы, “Атамура”, 2010. 233-б.
8. КР Президенттик Архиви (Партархив ЦК КП Киргизской ССР) . Ф.10.Оп.2. Д.257.
9. Малабаев Д.М. Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма. Фрунзе, “Илим”, 1969.
10. Омуралиев Н.А. Кыргызско-таджикские конфликты: социологический анализ. / Вестник КазНПУ им. Абая. Серия «Социологические и политические науки». №1 (77). 2022..
11. Ормоналиев К.О. Кыргызско-таджикские территориально-пограничные проблемы: история и современность. Ош, 2023.
12. Ырысбек Улукбек уулу, Абдылдаев А. Кыргызско-таджикская граница: хронология конфликтов. 4 октября 2022 / https://rus.azattyk.org/a/32063424.html